КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА

# ТОКТОМ

2026-жылдын 27-январы №9 Панфилов а

## Курама айыл аймагынын айылдык кеңешинин, айылдык кеңешинин туруктуу комиссияларынын 2026-жылга Типтүү иш планын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 14-мартындагы №56-буйругу менен бекитилген типтүү регламентин жетекчиликке алуу менен Курама айылдык кеңешинин 2026-жылга иш планын бекитүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" мыйзамына ылайык, Курама айылдык кеңешинин X-чакырылышынын 1-кезектүү сессиясы токтом кылат:

1. Курама айыл аймагынын айылдык кеңешинин, айылдык кеңешинин туруктуу комиссияларынын 2026-жылга Типтүү иш планы бекитилсин.

2. Курама айыл аймагынын айылдык кеңешинин бекитилген Типтүү иш планына ылайык иш алып баруу Курама айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасына, туруктуу комиссиялардын төрага, төрайымдарына жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

4. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

5.Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

6.Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **А.К.Джумагулов**